# Августтук кеңешме

Августтук кеңешмеге материал даярдаган КББАнын мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясынын башчысы Аттокурова Чынар Амановна

**2022-2023-окуу жылы**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы № 393 Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты» бекилди.

Анда төмөнкүдөй негизги компетенттүүлүктөр аныкталган:

- маалыматтык компетенттүүлүк;
- социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк;
- Өзүн-өзү таануу жана маселелерди чечүү.

**Функционалдык сабаттуулук** – адам баласынын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуусунун жана социалдык мамилелеринин ар кыл тармактарындагы практикалык жана турмуштук милдеттеринин кеңири диапазонун чечүү үчүн окутуу процессинде дайым өздөштүрүлүүчү билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү пайдалануу жөндөмдүүлүгү аталат.

**Математикалык сабаттуулук** – адам баласынын, өзү жашаган дүйнөдөгү математиканын ролун аныктоо жана түшүнүү, мыкты негиздемеленген математикалык пикирлерди айтуу жана жаратман, кызыкдар жана ой жүгүртүүчү жаранга таандык учурдагы жана келечектеги муктаждыктарды канааттандыруу үчүн математиканы колдонуу жөндөмдүүлүгү болуп эсептелинет.

**Математикалык функционалдык сабаттуулук** – адам баласынын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуусунун жана социалдык мамилелеринин ар кыл тармактарындагы милдеттерди чечүү үчүн өздөштүрүлгөн математикалык билимдерди өз алдынча пайдалануу жөндөмдүүлүгүн калыптандырат.

Башталгыч мектепте жаңы даярдалган предметтик стандартта математиканы окутуунун негизги **максаты** математиканын идеялары жана методдору, курчап турган предметтерди жана процесстерди сүрөттөө жана түшүндүрүү, турмуштук мисалдарды чыгаруу, башка дисциплиналарды өздөштүрүү жана негизги мектепте билим алууну улантуу үчүн баштапкы математикалык билимдер жана билгичтиктер жөнүндөгү көз караштарды калыптандыруу.

Коюлган максатка жетишүү үчүн аныкталган милдеттер:

- когнитивдик
- жүрүм-турумдук
- баалуулук  милдеттери аныкталды

Башталгыч мектептеги математикалык билим берүү ар кандай окуу жана практикалык милдеттерди чечүү, өздөштүрүлгөн математикалык билимдерди жана жөндөмдүүлүктөрдү чыныгы турмушта, өзүн-өзү өнүктүрүүгө жана өз алдынча окууда колдонуу жөндөмдүүлүгү менен байланышкан кырдаалдарда окуучулардын өз алдынча аракеттенүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган.

Математика боюнча предметтик стандартта төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөр аныкталган:

- эсептөөчүлүк,
- көрсөтмө-образдык,
- аналитикалык,
- ыктымалдуулук.

КРнын билим берүү министрлиги
2022-жылдын 5-августунда
Кыргыз республикасынын билим берүү
уюмдары үчүн 2022-2023-окуу
жылынын базистик окуу планы
№1529/1   буйругу менен бекитилди

| Билим берүү чөйрөлөрү | Окуу предметтери | Класстар боюнча базистик вариант | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **1** | **2** | **3** | **4** |
| Филологиялык | Кыргыз тили жана окуу | 6 | 7 | 7 | 7 |
| | Орус тили | 3 | 3 | 3 | 3 |
| | Чет тили | | | 2 | 2 |
| Математика | Математика | 4 | 5 | 5 | 5 |
| Табигый-илимий | Мен жана дүйнө | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Искусство жана технология | Көркөм өнөр | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | Музыка | 2 | 2 | 1 | 1 |
| Ден соолук маданияты | Дене тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Мамлекеттик компонент | 21 | 23 | 23 | 23 |
| | Мектептик компонент | | | | |
| | Жумалык окуу жүктөмү | 21 | 23 | 23 | 23 |

2021-2022-окуу жылындагы жумалык окуу жүктөмдөрүн 2022-2023-окуу жылынын жүктөмдөрү менен салыштырып көрөлү.

| **Окуу предметтери** | **Класстар боюнча базистик вариант** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1** | | **2** | | **3** | | **4** | |
| **Окуу жылдары** | **2021-2022** | **2022-2023** | **2021-2022** | **2022-2023** | **2021-2022** | **2022-2023** | **2021-2022** | **2022-2023** |
| Кыргыз тили жана окуу | 6 | 6 | 7 | 7 | 7 | 7 | 7 | 7 |
| Орус тили | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| Чет тили | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Математика | 4 | 4 | 5 | 5 | 5 | 5 | **6** | **5** |
| Мекен таануу<br>Мен жана дүйнө | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Көркөм өнөр | 2 | 2 | 2 | 2 | **2** | **1** | **2** | **1** |
| Музыка | **1** | **2** | **1** | **2** | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Дене тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| **Мамлекеттик компонент** | **20** | **21** | **22** | **23** | **24** | **23** | **25** | **23** |
| **Мектептик компонент** | | | | | | | | |
| **Жумалык окуу жүктөмү** | **20** | **21** | **22** | **23** | **24** | **23** | **25** | **23** |

**Салыштыруудан жумалык жүктөмдүн өзгөрүшү келип чыкты:**

- **1-класста 20 сааттык жүктөм 21 саат болуп калды:**
  - **Музыка предметине 1 саат  кошулду**
- **2-класста 22 сааттын ордуна 23 саат болду:**
  - **Музыка предметине 1 саат кошулду**
- **3-класста 24 саат 23 саатка болуп кыскарды:**
  - **Көркөм өнөр предметинен 1 саат  кыскарды**
- **4-класста 25 саат 23 саат болуп кыскарды:**
  - **Көркөм өнөр предмети 1 саатка кыскарды,**
  - **Математика предметтеринен 1 саат  кыскарды**

Салыштыруудан келип чыккан өзгөрүүлөр боюнча маалыматтарды беришет:

- ✓ Солошенко Ольга Владимировна, «Мен жана дүйнө» предмети боюнча Бишкек шаарынын  №65  экологиялык-экономикалык лицейинин директору, башталгыч класстардын мугалими,
- ✓ Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич, КББанын ага илимий кызматкери, Музыка предмети;
- ✓ Акматов Дамир Абласанович, КББАнын ага илимий кызматкери, Көркөм өнөр предмети;
- ✓ Аттокурова Чынар Амановна, КББАнын Мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясынын башчысы, Математика предмети;



Бишкек шаарындагы №65 экологиялык-экономикалык лицейинин директору, башталгыч класстардын мугалими  Солошенко Ольга Владимировна «Мен жана дүйнө» предмети боюнча маалымат берет

Кыргыз билим берүү академиясынын ага илимий кызматкери Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич Музыка предметиндеги өзгөрүүлөрү боюнча маалымат берет

Кыргыз билим берүү академиясынын ага илимий кызматкери  Акматов Дамир Абласанович
Көркөм өнөр предметиндеги өзгөрүүлөр боюнча маалымат берет

Кыргыз билим берүү академиясынын Мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясынын милетин аткаруучу Аттокурова Чынар Амановна Математика предметиндеги өзгөрүүлөр боюнча  малымат берет

2021-2022- окуу жылы менен 2022-2023-окуу жылындагы саатдык жүктөмдөрдү салыштыруу

| № | Бөлүмдүн аталышы | 2021-2022 окуу жылы | 2022-2023 окуу жылы | Айырма |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сандар жана чоңдуктар | 48 | 40 | 8 |
| 2 | Көп орундуу сандарды кошуу жана кемитүү | 25 | 22 | 3 |
| 3 | Көп орундуу сандарды көбөйтүү | 40 | 31 | 9 |
| 4 | Көп орундуу сандарды бөлүү | 84 | 70 | 14 |
| 5 | Кайталоо | 7 | 7 | |
| | **Жумалык жүктөм** | 6 | 5 | |
| | **Жыл ичиндеги жумалык жүктөмдүн саны** | 34 | 34 | |
| | **Жылдык жүктөм** | 204 | 170 | 34 |

**ЖАҢЫ ОКУУ ЖЫЛЫНДА, КЕНЖЕ ОКУУЧУНУН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА СИЗДЕРГЕ ЧЫҢ ДЕН СООЛУК, ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИЙГИЛИКТЕРДИ КААЛАЙБЫЗ!**

